DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Амирова К.А.*

# КООМДОГУ ҮЙ-БҮЛӨНҮН БААЛУУЛУГУ ЖАНА АНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Амирова К.А.*

# СЕМЕЙНАЯ ЦЕННОСТЬ В ОБЩЕСТВЕ И ЕЕ ПРОБЛЕМЫ

*K.A. Amirova*

# FAMILY VALUE IN SOCIETY AND ITS PROBLEMS

*УДК: 34.347*

*Бул илимий макалада үй-бүлөдөгү ар тараптуу маселердин жана көйгөйлөрдүн келип чыгышы, жаштарды үй-бүлө күтүүгө даярдоонун зарылдыгы, ар бир үй-бүлө өзүнчө бир ааламды түзгөндүктөн үй-бүлөнүн жоопкерчилиги өтө чоң жана ыйык болот. Учурда үй-бүлө куруудa жоопкерчиликтүү мамиле жасалбай калганы байкалат. Көпчүлүк учурда материалдык баалуулуктар биринчи максат болуп, үй-бүлө курууга, бала тарбиялап өстүрүүгө маани берилбей калганы көрсөтүлөт. Үй-бүлө куруу деген сөз жөнөкөй айтылганы менен анын жоопкерчилиги көйгөйлөрү жана түйшүктөрү бар экендигин адам баласы түшүнүсү зарыл. Мамлекетин өсүп өнүгүүсүнө ар бирүй-бүлө, келечек муунга татыктуу тарбия берүүсү керек. Бул улуу түшүнүктү түшүнө билүүбүз жашообуздагы үй-бүлөгө болгон багытты максаты.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, жоопкерчилик, үй-бүлө, коом, адеп-ахлак, тарбия, жүрүм-турум, жубайлар, бала, ата-эне, сый-урмат.*

*В этой научной статье рассматриваются истоки всевозможных проблем и вопросов в семье, необходимость подготовки молодых людей к браку и тот факт, что каждая семья образует отдельную вселенную, ответственность семьи очень велика и священна. В настоящее время в браке отсутствует ответственность. Часто говорят, что материальные ценности являются основной целью, а брак и воспитание детей игнорируются. Создание семьи на словах звучитпросто но деле человек должен понимать все трудности и обязанности брака. Для роста и развития государства каждая семья должна дать достойное воспитание будущим поколениям. Понимание этой великой концепции - цель жизненного направления нашей семьи.*

***Ключевые слова:*** *права, обязанности, семья, общество, нравственность, воспитание, поведение, супруги, дети, родители, уважениею*

*This scientific article examines the origins of all kinds of problems and issues in the family, the need to prepare young people for marriage and the fact that each family forms a separate universe, the responsibility of the family is very great and sacred. There is currently no responsibility in marriage. It is often said that wealth is the main goal, and marriage and parenting are ignored Starting a family sounds simple in words, but in deed, a person must understand all the difficulties and responsibilities of marriage. For the growth and development of the state, each family must give a worthy upbringing to future generations. Understanding this great concept is the goal of our family's life direction.*

***Key words:*** *rights, responsibilities, family, society, morality, education, behavior, spouses, children, parents, respect.*

Ар бир адам үйүн жана үй-бүлөсүн сүйөт жана баалайт. Кантсе да, үйдү турмуштун ар кандай кыйынчылыктарынан жашыра турган өзүнүн чеби деп эсептешет, жана анда жашаган адамдар, ар дайым түшүнүп, кыйынчылыктарда колдоп турушат – бул үй-бүлө. Демек үй-бүлө куруу мамлекет куруу. Мыйзамда үй-бүлө куруу аракетке жөндөмдүүлүгү Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 14-беренесинде көрсөтүлгөндөй 18 жашка толгондо пайда болот [1]. Аракет – жактардын акыл эстүү ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болгон жашоо фактысы. Юридикалык илимде никенин жаратылышы ар түрдү түшүндүрүлгөн жана түшүндүрүлүп келүүдө. Баарыбызга белгилүү никенин эволюциясында коомдук тарыхый өнүгүшүнө жараша ар жылы өзгөрүлүп келген. Алгачкы общиналык коомдон баштап бүгүнкү күнгө чейинки аралыктагы топтук нике жана жуптук никенин коом өнүгүп, инсандын акыл эсинин өнүгүүсү менен укуктук жана салттык, адеп-ахлактык жөнгө салынышы. Нике – үй-бүлөнүн негизи болуп эсептелет. Үй-бүлөнүн негизги мааниси көбөйүү жана улануу дегенди билдирет. Канчалык үй-бүлө түзүлүп, куралып очоктон түтүн буулантып кеткен сайын - ата тектерибиздин кубанычы жана сүйүнүчү. Адам баласынын үй-бүлө куруп, түтүн булаткандан кийинки милдеттүү да, жоопкерчиликтүү да парзы тукум улап, бала чоңойтуп, тарбия берип, эрезеге жеткирүү. Адамдын жашоо маңызы бала менен тыгыз байланышкан, муундан-муунга алмашып, кылым тарыхы карып келген. Бала – бул өмүр, сенин жашооңдогу бир көрүнүшүң, уландың. Адамзат баласы үчүн жакшы адамды тарбиялоо – адамдын жарык дүйнөгө келиши, ага камкордук, мамиле, багып өстүрүү, тарбия берүү ж.б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



оңой-олтоң иш эмес. Анын үстүнө «тамчыдан дайра куралат» дегендей, бул жеке проблемадан жалпы маселеге көтөрүлөт [2]. Себеби, көбөйүү – бул ааламдык мыйзам. Ар бир адамдын өз кубаты бар, бири-бирине дал келбеген, мына ошол кубаттар бүткүл ааламга кубат берип туруучу кызматтарды аткарат. Үй-бүлөнү курап алып кетүүдө ар дайым үй-бүлөнүн очогу зор негизди түзөт. Очок – дегенибиз бул үй-бүлөнүн бекемдигин, туруктуулугун сактаган күч. Мына ушул очоктун жанып кетиши жана бут ааламга кызмат этиши ар үй-бүлө куруп жашаган адамдын милдетти жана аткаруучу кызматы. Ар бир үй-бүлө өзүнчө бир ааламды түзгөндүктөн үй-бүлөнүн жоопкерчилиги өтө чоң жана ыйык болот. Бул улуу түшүнүктү түшүнө билүүбүз жашообуздагы үй-бүлөгө болгон багыт. Ал эми багыттын нугу туура болуп, көздөгөн максатка жетүү үчүн ар дайым адамга түшүнүк түрткү болот [3]. Үй-бүлө коомдун күзгүсү, бул жерде адамдар тарбияланып, мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамиле бекемделип, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, идеялык жана маданият байлыктарыбызды барктоо сезими уялай баштайт. Үй-бүлөдөгү мамиле, бири-бирин урматтоо, адамды баалоодогу эң жогорку көрсөткүч болуп эсептелет. Үй-бүлөдөгү тынчтык-бейкуттук, сый-урмат эң кымбат нерсе. Эгерде үйдө тынчтык болсо, байлык да, максат да, бала да, бакыт да болот. Мамлекеттин мыйзамы болгондой эле ар бир үй-бүлөнүн өзүнүн мыйзамы бар, демек мамлекетти президент башкарган болсо, үй-бүлөнү ата-эне башкарса, ал үй-бүлөдө тартип, баланы тарбиялоо жана үй-бүлөнү каржылоо да жакшы жолго коюлат. Эгерде бардык жагынан топ келген үй-бүлөлөр көп болсо мамлекет да бекем, күчтүү болоору шексиз. Үй-бүлө мамлекеттин ячейкасы. Үй-бүлөдө мамлекеттин келечек жарандары өсүп тарбияланат. Азыркы учурда үй-бүлө курууга анча жоопкерчиликтүү мамиле кылбай калды. Турмуш куурудан мурда уул-кыздарыбыз максат койбой калышты. Экономикалык шартка байланыштуу бойго жеткен уул-кыздарыбыз чет өлкөлөргө акча табуу максатында кетип жатышат, ошол жактарда турмуш куруп, жашап жашабай ажырашкандар, баласын кароосуз таштагандар, балдар үйүндө калтыргандар жок эмес. Бул өтө өкүнүчтүү. Акча табып келип чоң той берип, бир айдан кийин аялын таштап, кайра акча табуу максатта кетип, жашабай койгондор да жок эмес. Үй-бүлө куруу бул материалдык байлыкка байланыштуу болуп калдыбы деген ой келет. Жашоо – бул эсептелүү дүйнө. Адам баласы материалдык баалуулуктарга кетип калды. Адамды бактылуу кылга турган нерсе, жүрөк баалуу деп эсептеген нерсе болот. Мисалы: адам көзү менен көрүп колу менен кармай албаган, жүрөк менен сезип жүрөктүн көзү менен көрө турган нерселер, адамды бактылуу кыла алат. Турмуш көрсөтүп жаткандай байлык, бийлик, коомдогу ээлеген орду, атакданк бактылуулука алып келбешин көрүп жатабыз, балким зыян алып келет. Байлыка жетем деп канча ден-соолук, адамдык жашоодон баш тартып, тууғандык мамилелер, жубайлардын ортосунда мамилелер бузулуп жатат. Бактылуулук ыйманда, адеп-ахлакта, ынтымакта, сүйүүдө, соолукта.

Соолук-үч нерседен турат.

1. Дененин соолугу.

2. Акылдын соолугу.

3. Рухтун соолугу.

Өкүнүчтүүсү биз матералдык нерселерге байланганыбыздан жогоруда айтылган соолуктардан айрылып жатабыз. Үйлөнгөндө үй алсам, байлык топтосом бактылуу жашаймын деген жаңылыштык, бизден мурунку муундарыбыз байлыксыз эле көп бала төрөп, аларды тарбиялап, коомдо өз ордун таба билүүсүнө аракеттенген. Биздин коомдо, деги эле жалпы коомдо көпчүлүк муун өсүп жетиле баштады, өзүн гана ойлогон утурумдук жыргалчылыкка берилген, өзүнөн башка эч кимди сүйбөгөн, бактылуулук эмне экенин билбеген, максатсыз жашаган муундарды тарбиялап жатабыз. Үй-бүлөнүн баалуулугу эмнеде экенин түшүнүшпөйт. Адамдын жашоосунда эки нерсе болот:

1. Муктаждык

2. Максат.

Биз жашообуздагы муктаждыкты, максатка айлантып алдык. Үйлөнүү, үй салуу, балалуу болуу, машина алуу, коомдо ийгиликке жетишүү бул муктаждык. Максат келечек тагдыры үчүн максат койуп жашоо. Адамдын жакшы жаман жактарын толук көрүлө турган жагы бир гана үй-бүлөдө болот. Себеби биз коомдо жакшы рол аткарып коюушубуз мүмкүн. Үй-бүлөдө гана адамдын ким экендиги билинет. Үй-бүлөлүк жашоодо гана өзүнүнүн таламдарынан баш тартып, үй-бүлөнүнүн кызыкчылыгын ойлойт. Үй-бүлө бир сен эмесин, жолдошун, балдарын, ата-энен. Үй-бүлөдө ата-эне бири-бирине жылуу-жумшак мамиле кылып, сүйүү, урмат-сый, түшүнүүчүлүк жана жардамдашуу аркылуу таалайлуу турмуш куруулары керек. Мыйзам негизинде да үй-бүлө ар тараптуу корголууга алынган [4].

Анткени балдардын руханий жана психологиялык жактан чың болуусу үчүн мына ушундай үй-бүлөгө муктаждык бар. Сый-урмат, түгөйлөрдүн жашоосунда абдан маанилүү. Кандай гана ортодо келишпестиктер, проблемалар, урушуулар болбосун, түгөйлөрдүн ортосунда сый-урматар дайым сакталып, эч качан бири-бирин кемсинтүүлөр, жаман сөздөр айтылбашы керек [5].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ар кандай иш-аракеттерди аткарууда кеңешип, ишке ашырса, ортодо үй-бүлөлүк ынтымак пайда болот. Үй-бүлөдө бири-бирине урмат көрсөтүү, сыйлоо, сүйүүнүн белгиси. Кечиримдүүлүк түгөйлөрдүн бири-бирине кечиримдүү болушу, үй-бүлөнүн бузулбай, сакталып калышына түздөн-түз таасирин тийгизет. Ата-энелерин барктоо, жубайлар өз ата-энелерин кандай сыйлашса, жолдошунунда ата-энесин, туугандарын ошончолук урматтап, эки жакты тен ыраазы кылып, бирдей мамиле жасоо керек. «Биринчи жубайым, андан кийин балдарым»: Жубайлар биринчи планга балдарын коюп, жолдошун унутуп койбошу керек. Аялына же күйөөсүнө болгон сүйүү жана сый-урматтар дайым алдыда келет. Үй-бүлөдөгү ата-эненин бири-бири менен болгон ысык мамилеси, балдарынын туура жолдо өсүп жетилүүсүнө психологиялык жактан түздөн-түз оң таасирин тийгизерин унутпайлы. Ошондуктан үй-бүлө курган жубайлар экөөсү эки тараптан балдарынын келечегин ойлоп, мындай ийгиликке жетүү үчүн аракеттенүүсү керек. Ал эми дайыма бири-бирине каршы чыгып, урушуп-талашып жүргөн ата-эненин балдары болсо, туура ой пикирге жана жакшы адаттарга ээ боло алышпайт. Андыктан ата-эне балдарынын телевизор көрүүсүнөн тартып көчөгө чыгуусу, сабактарына катышуусу сыяктуу бардык жүрүм-турумуна көңүл буруусу абзел. Бардык диндерде, коомдордо, түзүмдөрдө үй-бүлө өзгөчө статуска ээ болуп корголуп келген. Дүйнөнүн баардык элдери “эне-улук, эне-азиз” деп эсептеген. Жашообуздун негизин, өмүрүбүздүн өзөгүн түзгөн аял затынына, энелик мээримине, эч бир нерсени салыштырып болбойт. Себеби, эне бүткүл адамзатын жараткан жана жаратып келүүдө. Элибизде айтылгандай “Аял бир колу менен бешикти терметсе, бир колу менен дүйнөнү терметет”-деген. Ошондой эле, аял коомчулуктун аялуу катмары эсептелинип, физикалык жактан алсыз болушат эмеспи. Дүйнө жүзү боюнча энеге арнап ыр жазбаган акынды да кездештире албайбыз. Тээ илгертен тартып эле, көптөгөн өлкөлөрдө энелерге арналган майрамдар белгиленип келет. Ар өлкөдө ар кайсы убакытта белгиленген бул майрамдын тарыхы да өзгөчө. Ошондой Кыргызстанда да Энелер күнү 2012-жылы президент жарлыгы менен белгиленип келүүдө [6]. Бул деген аялзатынын үй-бүлөдө орду эбегейсиз дегендик. Ал эми азыркы мезгилде, турмуш куруудан, балалуу болуудан өз кызыкчылыгын жогору койгондор дагы жок эмес. Үй-бүлөдө негизги маселе материалдык баалуулукту коюп, балдарынын акылынын, рухунун, соолукта болушу акыркы планга калып кетти. Акылдын соо болушу бул чындыкты кабыл ала тургандыгы. Рухтун соолугу адамдык баалуулуктарды баалай билүү. Акча табуу максатта турмуш курбастан, же балдарын таштап чет элге кетип жаткан энелер эмнени жоготуп жатышкандыгын билишпейт. Ата-энеге мээримсиз, мекен, эл, улут деген түшүнүктөн четте калган муундар өсүп келе жаткандыгы өкүндүрөт. Бул деген мамлекеттин улуттун келечегине түздөн-түз коркунуч. Нике байыртадан келген жана жашоодо өтө маанилүү болуп, аял менен эркектин тагдырынын биригиши, ыйык үй-бүлөлүк коломтону пайда кылуусу эсептелгендей, толук кандуу үй-бүлө жарандык коомдун баалуулугун камтып, суверендүү мамлекеттин руханий негизин түзөт [7].

Ошондуктан үй-бүлө куруу алдында жаштардын аң-сезимдерине синдириши зарыл, ошол эле убакта муундардын келечегин ойлошубуз керек. Келечекте адеп-ахлагы жогору, үй-бүлөнү сүйгөн, элин сүйгөн, жерин сүйгөн муундар тарбияланышы керек. Анда ата-эненин, баланын өзүнчө орду жана милдеттери бар. Ал эми үй-бүлө куруу деген сөз жөнөкөй айтылганы менен анын жоопкерчиликтери, түрдүү түмөн түйшүктөрү арбын. Адам баласы турмуш жолуна аттанаардан мурда үй-бүлө маданияты, андагы баалуулуктар тууралуу жакшылап билип алганы дурус. Үй-бүлө коомдун күзгүсү, бул жерде адамдар тарбияланып, мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамиле бекемделип, улууларды урматтоо, кичүүлөрдө ызаттоо, идеялык жана маданият байлыктарыбызды барктоо сезими уялай баштайт. Үй-бүлөдөгү мамиле, бири-бирин урматтоо, адамды баалоодогу эн жогорку көрсөткүч болуп эсептелет. Үй-бүлөдөгү тынчтык-бейкуттук, сый-урмат эң кымбат нерсе. Эгерде бардык жагынан төп келген үй-бүлөлөр көп болсо мамлекет да бекем, күчтүү болоору шексиз. Үй-бүлө мамлекеттин ячейкасы. Үй-бүлөдөн мамлекет куралат. Үй-бүлөдө мамлекеттин келечек жарандары өсүп тарбияланат. Бекем үй-бүлө бекем мамлекет.

**Адабияттар**:


1. Семейный Кодекс Кыргызской Республики от 30 августа 2003 года №201(В редакции Законов КР от 17 августа 2020 года №135)
2. Акматалиев А. Кыргыз адабияты: Тарых жана Мезгил. - Бишкек, 01.04.2010.
3. Демократический Кодекс народа Кыргызстана (общественный договор). - Бишкек, 2003-ж.
4. Бактылуу үй-бүлө http://islam-kg.com
5. Тулкуева В.Е. Үй-бүлө укугу. // Известия вузов Кыргызстана №12, 2016. - С. 44
6. Андреева Г.М. Социальная психология. - М., 2003.
7. Советское семейное право. / Под ред. Рясенцева В.А. Юридическая литература. - М., 1982. - С. 256.